Тиркеме

Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документтеринин тизмеси

1. Жалпы жоболор

1. Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документтеринин тизмеси (мындан ары – Тизме) архив иши жана электрондук башкаруу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн.

2. Тизме менчиктин, уюштуруу-укуктук түрүнө, ишинин деңгээлине жана масштабына карабастан мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын (мындан ары – уюмдар) иш процессинде бир типтеги башкаруу функцияларын жүзөгө ашырууда түзүлүүчү заманбап типтүү башкаруу архив документтерин камтыйт.

Уюмдардын өзгөчө функцияларын чагылдырган документтер тийиштүү ведомстволук тизмелерде, көктөмөлөрдүн болжолдуу номенклатураларында белгиленет.

3. Тизме мамлекеттик жана ведомстволук архивдердин кызматкерлерине, ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын адистерине арналган. Көктөмөлөрдү сактоо мөөнөттөрүн аныктоодо жана мамлекеттик сактоого же жок кылууга иргөөдө негизги ченемдик документ болуп саналып, документтердин баалуулугун экспертизалоо жана мамлекеттик архивдерди толуктоо боюнча колдонмолорду иштеп чыгууда колдонулушу керек.

4. Тизме Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун курамын сактоо, уюштуруу жана сапаттуу толуктоо максатын көздөйт жана көктөмөлөрдү түзүүдө, көктөмөлөрдүн номенклатураларын иштеп чыгууда, документтердин ведомстволук тизмелерин, көктөмөлөрдүн болжолдуу номенклатураларын иштеп чыгууда, ошондой эле мамлекеттик архивдердин эксперттик-текшерүү усулдук комиссияларынын (мындан ары – ЭТУК), уюмдардын борбордук эксперттик комиссияларынын (мындан ары – БЭК) жана эксперттик комиссияларынын (мындан ары – ЭК) иш практикасында колдонулат.

2. Тизменин түзүмү жана аны колдонуу тартиби

5. Тизме функционалдык принцип боюнча түзүлгөн жана адатта уюмдардын башкаруу тутумундагы деңгээлине, ишмердүүлүгүнүн, менчигинин түрүнө карабастан аларга мүнөздүү болгон ишмердүүлүгүнүн

негизги багыттарын чагылдырган бөлүмдөрдү камтыйт. Бөлүмдөрдө багыттык маселелер боюнча бөлүмчөлөр бар.

6. Тизме 12 бөлүмдөн турат:

1) 1-бөлүмгө тескөө ишмердүүлүгүн чагылдырган документтер, башкарууну уюштуруу негиздери боюнча документтер, менчиктештирүү, акциялаштыруу, лицензиялоо, көзөмөл функциясын жүзөгө ашыруу, башкарууну укуктук жактан камсыздоо, башкарууну документтик камсыздоону уюштуруу жана уюмдар тарабынан документтерди сактоо маселелери боюнча документтер кирет;

2) 2–4-бөлүмдөргө пландаштыруу, болжолдоо, пландардын аткарылышы боюнча отчёттуулук, товарларды сатып алуу, жумуштарды аткаруу, кызмат көрсөтүүлөр, бааларды түзүү, каржылоо, насыялоо, эсепке алуу жана отчёттуулук, салык салууну ырааттуу чагылдырган документтер кирет;

3) 5-бөлүмгө ишмердүүлүктүн ар кандай жааттарында кызматташтыкты уюштуруу жана жүзөгө ашыруу, эл аралык уюмдардын ишине катышуу боюнча документтер кирет;

4) 6-бөлүмгө ишмердүүлүктү маалыматтык тейлөө боюнча документтер кирет;

5) 7-бөлүмгө жумушка орношуу, эмгекти уюштуруу, эмгекти ченемдөө, тарифтөө, эмгек акы төлөө, эмгекти коргоо боюнча документтер кирет;

6) 8-бөлүм кадрлар менен иштөө боюнча документтерди камтыйт: кызматкерлерди кабыл алуу, которуштуруу, бошотуу, алардын квалификациясын жогорулатуу, аттестация өткөрүү, сыйлоо;

7) 9-бөлүмгө ишмердүүлүктү материалдык-техникалык камсыздоо жана мүлктүк-материалдык баалуулуктарды сактоону уюштуруу боюнча документтер кирет;

8) 10-бөлүмгө административдик жана чарбалык тейлөө боюнча документтер кирет: ички тартип эрежелерин аткаруу, кызматтык имараттарды пайдалануу, транспорттук тейлөө, ички байланыш, коргоо;

9) 11-бөлүмгө социалдык-тиричилик маселелерин, анын ичинде социалдык камсыздандырууну, турак жай жана турмуш-тиричилик маселелерин, бош убакытты уюштурууну чагылдырган документтер кирет;

10) 12-бөлүм уюмдардын өзгөчөлүктүү аспектилерин жана коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүнүн маселелерин чагылдырган документтерди камтыйт.

7. Тизменин бөлүмдөрүндө жана бөлүмчөлөрүндө документтер маанилүүлүк даражасы боюнча логикалык ырааттуулукта жайгаштырылган. Бир катар учурларда бөлүмдөрдө (бөлүмчөлөрдө) документтерди тутумдаштыруунун тематикалык принциби колдонулат.

Тизмеде 4 графа бар. Тизменин № 1 графасында беренелердин номерлери көрсөтүлгөн. Тизмедеги беренелер бирдиктүү өтмө номерленген. № 2 графада документтердин түрлөрүнүн аталыштары келтирилген. Тизмеде документтердин белгилүү бир аталыштары жок, бирок документтин ар бир түрүнүн жалпыланган аталышы келтирилген. Сактоо мөөнөтү бирдей болгон

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

бир маселе боюнча ар кандай түрдөгү документтерди бириктирүүдө "документтер" деген түшүнүк колдонулат, ал эми кашааларда беренеге киргизилген документтердин бардык түрлөрүнүн аталыштары чагылдырылат. № 3 графада документтерди сактоо мөөнөтү көрсөтүлгөн. № 4 графада беренелерге эскертмелер келтирилген.

8. Документтерди сактоо мөөнөттөрүн аныктоо үчүн Тизмеден тиешелүү беренени таап, көктөмөлөрдүн ар бир барагын карап чыгуу керек. Тизимдердеги же көктөмөлөрдүн мукабаларындагы аталыштар боюнча гана көктөмөлөрдү сактоого же жок кылууга иргөөгө жол берилбейт.

Электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү документтерди сактоо мөөнөтү ушундай эле кагаз түрүндөгү документтерди сактоо мөөнөтү менен бирдей.

9. Сактоого документтердин түп нускалары кабыл алынышы керек, алар жок болгондо гана күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү кабыл алынат.

Электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү туруктуу сакталуучу документтер белгиленген эрежелерге ылайык сактоого кабыл алынат.

10. Тизме Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун курамынын толуктугун камсыздоо максатында мамлекеттик архивдерге ар кандай фонддордо камтылган дублеттик документтердин келип түшүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Аларды иргөө маселесин чечүү укугу мамлекеттик архивдерге ыйгарылат.

11. Документтердин конкреттүү түрлөрүнө карата Тизмеде коюлган "ЭТУК" белгиси мындай документтердин бир бөлүгү илимий-тарыхый мааниге ээ болушу мүмкүн экендигин жана белгиленген тартипте мамлекеттик архивге өткөрүлүп берилүүгө же уюмда сакталууга тийиш экендигин билдирет.

12. Архив документтерин сактоо мөөнөтү сакталган жерине карабастан иш кагаздарын жүргүзүүдө аяктаган жылдан кийинки жылдын 1-январынан тартып эсептелет. Мисалы, 2020-жылы иш кагаздарын жүргүзүүдө аяктаган көктөмөлөрдү сактоо мөөнөтү 2021-жылдын 1-январынан эсептелип баштайт.

Реестрлерди, китептерди, журналдарды убактылуу сактоо мөөнөттөрү аларды жүргүзүү аяктаган жылдан кийинки жылдын 1-январынан тартып эсептелет.

Маалымдоо үчүн жана иште жетекчиликке алуу үчүн жиберилген документтер, ошондой эле документтердин көчүрмөлүк (жумушчу) нускалары зарылдыгы өткөнчө сакталат.

"Зарылдыгы өткөнчө" (ЗӨ) белгиси документтердин практикалык мааниси чектелүү экендигин билдирет. Аларды сактоо мөөнөтүн уюм өзү аныктайт, бирок бир жылдан кем эмес болушу керек.

"Жаңыга алмашылганга чейин" (ЖАЧ) сактоо мөөнөтү, адатта уюмдун ишинде колдонуу үчүн жиберилген ченемдик документтердин көчүрмөлөрүнө колдонулат жана бул документтер жокко чыгарылганга же жаңыларына алмаштырылганга чейин сакталаарын билдирет.

Документтердин сактоо мөөнөтү алып жүрүүчүнүн түрүнө жана аларга жетүү чектөөлөрү менен шартталбайт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

13. Ушул Тизмеге кирбеген, бирок кандайдыр бир ведомстволук тизме боюнча сактоо мөөнөтү "туруктуу" болгон же "ЭТУК" белгиси бар документтер, аларды конкреттүү изилдөөнүн натыйжаларына жараша мамлекеттик сактоого кабыл алынат же практикалык керегі жок болгондо жок кылынат. "ЭТУК" белгиси менен документтерди кабыл алуу же жок кылуу жөнүндө чечим мамлекеттик архивдин ЭТУК тарабынан кабыл алынат.

14. Ушул Тизмеде белгиленген сактоо мөөнөттөрүн кыскартууга тыюу салынат.

Ушул Тизмеде каралган документтерди сактоо мөөнөтүн узартуу конкреттүү уюмдун ишинин өзгөчөлүктөрү жана анын практикалык муктаждыктары менен шартталган учурларда болушу мүмкүн.

Мамлекеттик архивдердин топтоо булагы эмес уюмдарда сактоо мөөнөтү "туруктуу" болгон документтер 10 жылдан кем эмес сакталат.

15. 17-беренедеги "Негизги ишмердүүлүк боюнча мамлекеттик бийликтин жогорку органдары менен кат алышуу" аталышы Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмүнө кирген министрликтер жана мамлекеттик комитеттер, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы менен кат алышууну белгилейт. Документтин бул түрү кол коюлган жерде жана жооптуу аткаруучулар болгон мамлекеттик органдарда туруктуу сакталат. Маалымат жана жетекчиликке алуу үчүн жиберилген документтер зарылдыгы өткөнчө сакталат.

16. Тизмеде колдонулган эскертмелер документтерди сактоо мөөнөттөрүн түшүндүрөт жана тактайт. "Мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилбейт. Уюмдарда сакталат" эскертмеси адатта узак маалымдама мүнөзгө ээ болгон документтерди сактоо ордун тактайт. Башка эскертмелерде белгиленген сактоо мөөнөтүнөн айырмаланган документтердин белгилүү бир түрлөрүн бөлүп чыгаруунун белгилери же документтердин конкреттүү түрлөрү көрсөтүлөт. "Текшерүүдөн (ревизиядан) кийин", "талаш-тартыштар, пикир келишпестиктер, тергөө жана сот иштери пайда болгон учурда – акыркы чечим чыгарылганга чейин сакталат" деген эскертмелер бухгалтердик документтерди сактоо мөөнөттөрүн тактайт. "Келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин», "жаңыга алмашкандан кийин" эскертмелери мөөнөттү эсептөө белгилүү бир учурдан баштап жүргүзүлөрүн билдирет. Жалпы комплексинин айрым документтерин сактоо мөөнөттөрү мазмунун, авторлугун, түзүлгөн жерин, көчүрмөсүн эске алуу менен эскертмелерде көрсөтүлгөн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

“Кагаз түрүндөгү документтер” эскертмелери, документтер белгиленген тартипте кагаз жүзүндө түзүлөөрүн, таризделерин жана сакталаарын, зарыл болгон учурда (электрондук документ жүгүртүү тутуму бар болсо) документтерди тариздөө боюнча бардык талаптарды сактоо менен алар менен бирдей электрондук документтерге кайталаарын билдирет.

“Электрондук документтер” эскертмелери, документтерди электрондук документтерге болгон бардык талаптарды сактоо менен электрондук түрдө гана түзүү менен чектелүүгө уруксат берилгенин билдирет.

17. Тизменин колдонуу ыңгайлуулугу үчүн ага көрсөткүч түзүлгөн, анда алфавит иретинде документтердин түрлөрүн жайгаштыруу жана мазмундарын чагылдыруу менен Тизменин тиешелүү беренелерине шилтемеленип тизмеленген.

18. Тизме сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары тарабынан өз жана өздөрүнө караштуу ведомстволук уюмдардын ишмердүүлүгүндө түзүлүүчү документтердин тизмелерин, аймактык органдар жана караштуу уюмдар үчүн көктөмөлөрдүн типтүү жана болжолдуу номенклатураларын иштеп чыгууда, ошондой эле башка уюмдар тарабынан көктөмөлөрдүн жеке номенклатураларын иштеп чыгууда колдонулат.

3. Сактоого жана жок кылууга документтерди иргөөнү уюштуруу жана тариздөө

19. Документтерди Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун курамына киргизүү, алардын жеткиликтүүлүк категориялары боюнча бөлүштүрүү же андан документтерди алып салуу аларды эксперттик комиссиялар тарабынан баалуулугун экспертизалоонун негизинде ашырылат. Эксперттик комиссиялардын курамына уюмдун жетекчилеринин биринин төрагалыгы алдында негизги түзүмдүк бөлүмдөрдүн эң квалификациялуу адистери киргизилет. Эксперт катары комиссиянын ишине ушул уюм топтоо булагы болгон мамлекеттик архивдин өкүлү тартылышы мүмкүн.

20. ЭК өз ишинде “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, башка ченемдик укуктук актыларды, өзүнүн ведомстволук тутумунун жетекчи органынын тескөөчү документтерин, тиешелүү мамлекеттик архивдин ченемдик-усулдук документтерин, ушул Тизмени жана документтердин ведомстволук тизмелерин жетекчиликке алат.

ЭК мамлекеттик архив жана башкарууну документтик камсыздоо (БДК) кызматы менен бирге уюмда сактоого жана жок кылууга документтерди иргөө тартибин аныктайт, документтердин баалуулугуна экспертиза уюштурат жана анын жүрүшүн көзөмөлдөйт.

21. Туруктуу, убактылуу сактоого жана жок кылууга документтерди иргөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

ЭКтин чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун курамына киргизилген документтер, аларды ведомстволук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

архивдерде сактоонун “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган чектүү мөөнөттөрүнө ылайык ведомстволук архивдерде сакталууга тийиш, андан кийин белгиленген тартипте мамлекеттик архивдерге сактоого өткөрүлүп берилет. Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун курамына киргизилбеген документтерди уюм өз алдынча сактайт.

Белгиленген (60 жыл) сактоо мөөнөтү аяктагандан кийин адамдын эмгек ишмердигин белгилөөчү жана жарандардын укуктары менен мыйзамдуу таламдарын коргоону камсыз кылуучу өздүк курам боюнча документтер: өздүк курам боюнча буйруктар, кабыл алуу, бошотуу, которуу боюнча кыскача каттар, кызматкерлердин тизмелери, өздүк көктөмөлөр, Т-2 таризиндеги өздүк карточкалар, эмгек китепчелери, эмгек келишимдери, контракттар уюмдун менчигинин түрүнө карабастан жок кылынууга жатпайт жана мамлекеттик архивдерге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилет.

22. Туруктуу сакталуучу документтерге тизимдер (тизимдердин жылдык бөлүмдөрү) төрт нускада түзүлүп, эксперттик комиссиянын отурумунда каралып, тиешелүү мамлекеттик архивдин ЭТУКунун бекитүүсүнө жиберилет.

Бекитилген тизимдин бир нускасы уюмга кайтарылат, үч нускасы мамлекеттик архивде калат. Өздүк курам боюнча документтердин тизимдери тиешелүү мамлекеттик архивдин ЭТУКу менен макулдашылып, уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилет.

23. Уюмдун тизимдери бекитилгенден кийин бекитилген тизимдерге ылайык келген убакыт аралыгындагы убактылуу сакталуучу документтерди жок кылууга уруксат берилет.

Эгерде архив мекемеси туруктуу сакталуучу документтердин тизимдерин бекитүүдө тиешелүү убакыт аралыгындагы калган документтерди жок кылуу мүмкүн экени жөнүндө чечим чыгарбаса, Тизме боюнча сактоо мөөнөтү “ЭТУК” белгиси менен коштолгон жана ушул Тизмеде келтирилбеген документтерди жок кылуу архив мекемеси менен макулдашылат.

Документтерди жок кылуу уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү акт менен таризделет.

24. Мамлекеттик архивдер туруктуу сакталуучу документтердин туура иргелишин текшерет жана зарыл болгондо жок кылуу же убактылуу сактоо үчүн иргелген документтерди туруктуу сакталуучу тизимге киргизүүнү талап кылууга укуктуу.

25. Документтери мамлекеттик архивге кабыл алынууга жатпаган уюмдар Тизме боюнча сактоо мөөнөтү аяктаган көктөмөлөрүн тиешелүү убакыт аралыгындагы өздүк курам боюнча документтери иреттелген шартта мамлекеттик архив менен макулдашуусуз жок кылышат.

26. Туруктуу сакталуучу документтердин тизимдерин мамлекеттик архив алдын ала бекитпестен документтерди жок кылууга (документтерин мамлекеттик архивге өткөрүп берүүчү уюмдар үчүн), ошондой эле ушул

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жана ведомстволук тизмелерде белгиленген документтердин сактоо мөөнөттөрүн бузууга жол берилбейт.

27. Ушул Тизменин туура колдонулушун архив ишин башкаруучу республикалык жана облустук органдары, мамлекеттик архивдер көзөмөлдөшөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Кутнаева Н.А., 01.09.2024

Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документтеринин тизмеси

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
1. БАШКАРУУ ТУТУМУН УЮШТУРУУ			
1.1. Тескөө ишмердүүлүгү			
1	Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын кодекстери, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана аларга тиешелүү документтер (токтомдор, баяндамалар, корутундулар, талдоолук маалым каттар ж.б.):		
	а) кол коюлган жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер.
2	Мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар (Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Кыргыз Респбликасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын, мамлекеттик органдарынын (ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укуктуулардын) актылары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын токтомдору жана аларга тиешелүү документтер (маалым каттар, жыйындылар,		

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	маалыматтар, баяндамалар ж.б.):		
	а) кабыл алынган (жарыяланган) жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер.
3	Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын макулдашылган долбоорлору жана аларга тиешелүү документтер (түшүндүрмө каттар, негиздеме-маалым каттар ж.б.):		
	а) иштелип чыккан жерде;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) макулдашылган жерде	3 жыл	Электрондук документтер
4	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессияларынын стенограммалары	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
5	Депутаттардын фракцияларынын отурумдарынын стенограммалары, протоколдору	5 жыл	Электрондук документтер
6	Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына киргизилген демилгелүү сунуштар, аларды иштеп чыгуу боюнча документтер (маалыматтар, маалым каттар, корутундулар ж.б.)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
7	Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, мамлекеттик органдардын жетекчилеринин тапшырмалары жана алардын аткарылышы боюнча документтер		

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	(каттар, маалым каттар, корутундулар ж.б.):		
	а) тапшырмаларды даярдаган уюмдарда;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) аткаруу үчүн жооптуу мамлекеттик органда (уюмда);	Туруктуу	Электрондук документтер
	в) кошо аткаруучу мамлекеттик органдарда (уюмдарда) жана башка уюмдарда	5 жыл	Электрондук документтер
8	Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоо пландары (перспективдүү жана учурдагы):		
	а) бекитилген жерде;	5 жыл	Электрондук документтер
	б) иштелип чыккан жана макулдашылган жерде	3 жыл	Электрондук документтер
9	Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелери:		
	а) кабыл алынган (жарыяланган) жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
10	Уюмдун жетекчилигинин түзүмдүк бөлүмдөргө тапшырмалары жана алардын аткарылышы боюнча документтер (маалыматтар, кыскача каттар, корутундулар ж.б.)	5 жыл	Электрондук документтер
11	Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик		

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	администрациялардын токтомдору жана тескемелери, уюмдардын жетекчилеринин буйруктары жана тескемелери; аларга тиешелүү документтер (маалым каттар, жыйындылар, маалыматтар ж.б.):		
	а) негизги (өндүрүштүк) ишмердүүлүк боюнча;	Туруктуу (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Маалымат үчүн жиберилген – зарылдыгы өткөнчө
	б) административдик-чарбалык маселелер боюнча;	3 жыл	Электрондук документтер
	в) өздүк курам (кабыл алуу (кызмат ордуна дайындоо), бошотуу (кызмат ордунан бошотуу) боюнча	60 жыл	Кагаз түрүндөгү документтер. Ведомстволук сактоо мөөнөтү аяктагандан кийин мамлекеттик архивдерге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилет
	г) өздүк курам которуу, аттестациялоо, квалификациясын жогорулатуу, наамдарды (чендерди) ыйгаруу, сыйлоо, дем берүү, премиялоо, эмгек келишимдерин (контракттарын) узартуу, жаңы эмгек келишимдерин (контракттарын) түзүү, жалдоону контракттык түргө которуу, үстөктөрдү, кошумча төлөмдөрдү белгилөө, убактылуу орун басарлык, квалификациялык категорияларды, разряддарды, класстарды ыйгаруу, тарифтик маяналарды жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын чегинде жана чет өлкөгө узак (бир айдан ашык) кызматтык иш сапарлар, кызматкерлердин аты-жөндөрүн	60 жыл	Электрондук документтер. Ведомстволук сактоо мөөнөтү аяктагандан кийин мамлекеттик архивдерге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилет

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	өзгөртүү жөнүндө) боюнча		
	д) эмгек өргүүлөрүн берүү, эмгек өргүүсүнөн чакыруу, тартиптик жаза чарасын колдонуу, нөөмөтчүлөрдү дайындоо, Кыргыз Республикасынын чегинде жана чет өлкөгө кызматтык иш сапарлар, материалдык жардам көрсөтүү, квалификацияны жогорулатууга (кайра даярдоого, такшалууга) жиберүү жөнүндө	3 жыл	Электрондук документтер
12	Уюмдун жетекчисинин буйруктарынын жана тескемелеринин долбоорлору	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
13	Уюмдун жетекчисинин буйруктарына жана тескемелерине негиздер (маалым каттар, арыздар, кыскача каттар ж.б.)	1 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Өздүк курам боюнча тескөөчү документтерге арыздар – кагаз түрүндө
14	Уюмдун жетекчисинин буйруктарынын жана тескемелеринин аткарылышы боюнча документтер (маалым каттар, отчёттор, кыскача каттар ж.б.)	3 жыл	Электрондук документтер
15	Протоколдор, стенограммалар, аудиовизуалдык жазуулар, чечимдер жана аларга тиешелүү документтер (маалым каттар, корутундулар, баяндамалар, жыйындылар, үзүндүлөр, ишеним каттар ж.б.):		
	а) Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси тарабынан чакырылуучу	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	отурумдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу консультациялык-кеңешме органдардын отурумдарынын, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин отурумдарынын;		
	б) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана анын комитеттеринин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине караштуу консультациялык-кеңешме органдардын отурумдарынын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	в) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин отурумдарынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу консультациялык-кеңешме органдардын отурумдарынын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	г) ишмердүүлүктөрдүн айрым түрлөрүн координациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссиялардын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	д) уюмдардын комиссияларынын, кеңештеринин, кеңешме (коллегиалдуу) органдарынын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	е) мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын;	60 жыл	Кагаз түрүндөгү документтер
	ж) уюмдардын жумушчу топторунун, убактылуу комиссияларынын;	5 жыл	Электрондук документтер
	з) уюмдардын көзөмөлдөөчү, ревизиялоочу органдарынын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	и) уюмдардын илимий, эксперттик, усулдук, консультациялык органдарынын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	к) уюмдун жетекчисиндеги аппараттык (ыкчам) кеңешмелердин;	5 жыл	Электрондук документтер
	л) уюмдардын жамааттарынын чогулуштарынын;	Туруктуу	Электрондук документтер
	м) уюмдардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин кеңешмелеринин;	3 жыл	Электрондук документтер
	н) акционерлердин, акционердик коомдордун директорлор кеңешинин, чарбалык шериктештиктердин уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) жалпы жыйындарынын;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	о) жарандар жыйындарынын	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
16	Эл аралык, республикалык, тармактык съезддерди, симпозиумдарды, конгресстерди, конференцияларды, кеңешмелерди, семинарларды, сынактарды, маарекелик, салтанаттуу жана башка иш-чараларды өткөрүү боюнча документтер (токтомдор, чечимдер, протоколдор ж.б.)	Туруктуу	Электрондук документтер
17	Негизги ишмердүүлүк боюнча мамлекеттик бийликтин жогорку органдары менен кат алышуу:		
	а) кол коюлган жерде жана жоопту аткаруучуда;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) башка уюмдарда	5 жыл	Электрондук документтер
18	Уюмдардын негизги ишмердүүлүгү боюнча кат алышуу	5 жыл	Электрондук документтер
19	Депутаттардын кат алышуусу	5 жыл	Электрондук документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
20	Кызматтык каттар	5 жыл	Электрондук документтер
21	Талдоолук маалыматты жана негизги ишмердүүлүк боюнча эксперттик корутундуларды камтыган кызматтык каттар	Туруктуу	Электрондук документтер
1.2. Башкаруунун уюштуруу негиздери			
22	Уюмдарды, алардын түзүмдүк бөлүмдөрүн, башка юридикалык жактарды түзүү, мамлекеттик каттоо (кайра каттоо), кайра уюштуруу, жоюу (ишин токтотуу) боюнча документтер (токтомдор, чечимдер, буйруктар, протоколдор, уюштуруу келишимдери, мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөр ж.б.)	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
23	Мүлккө менчик, ээлик кылуу, пайдалануу, тескөө укугуна, фирмалык аталыштарды, эмблемаларды, тейлөө белгилери, товардык белгилерин каттоого жана кайра каттоого документтер (күбөлүктөр, келишимдер)	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
24	Юридикалык жактардын уставдары, жоболору:		
	а) иштелип чыккан жана бекитилген жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
25	Юридикалык жактардын уставдарынын, жоболорунун долбоорлору, аларды иштеп чыгуу боюнча документтер (баяндама жана маалым каттар, маалыматтар ж.б.)	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Жаңыга алмашкандан кийин
26	Уюмдардын түзүмдүк бөлүмдөрү	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	жөнүндө; коллегиялык, аткаруучу, көзөмөлдөөчү, илимий, эксперттик, усулдук, консультациялык органдар жөнүндө; филиалдар, өкүлчүлүктөр жөнүндө жоболор		документтер
27	Уюмдун түзүмү, штаттык саны жана схемалары, аларга карата түшүндүрмө каттар:		
	а) иштелип чыккан жана бекитилген жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
28	Кызматкерлердин укуктары жана милдеттери боюнча кызматтык нускамалар:		
	а) иштелип чыккан жана бекитилген жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Жаңыга алмашкандан кийин
29	Штаттык ыраатгамалар (бекитилген):		
	а) иштелип чыккан жана бекитилген жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
30	Штаттык ыраатгамалардын долбоорлору; аларды иштеп чыгуу жана аларга өзгөртүүлөр боюнча документтер (маалым каттар, сунуштар, корутундулар, кат алышуу)	3 жыл (1) ЭТУК	Электрондук документтер. (1) Бекитилгенден кийин

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
31	Штаттык жайгаштыруулар	60 жыл	Кагаз түрүндөгү документтер
32	Уюм жетекчиси, кызмат адамы, материалдык жоопту адам алмашканда түзүлгөн өткөрүп берүү-кабыл алуу актылары; аларга тиешелүү тиркемелер (инвентардык документтерди кошпогондо);	6 жыл (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Кызмат адамы, материалдык жоопту адам алмашкандан кийин
33	Иш сапарлар боюнча документтер (программалар, тапшырмалар, отчёттор, баяндамалар, кат алышуу)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
34	Регламенттер, нускамалар, эрежелер, жоболор, усулдук көрсөтмөлөр жана сунуштамалар:		
	а) иштелип чыккан жана бекитилген жерде;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) башка уюмдарда	Жаңыга алмашылганга чейин	Электрондук документтер
35	Регламенттердин, нускамалардын, эрежелердин, жоболордун, усулдук көрсөтмөлөрдүн жана сунуштамалардын долбоорлору	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
36	Акционерлердин реестрлери	Туруктуу	Электрондук документтер
37	Баалуу кагаздардын ээлеринин реестрлери	Туруктуу	Электрондук документтер
38	Дивиденддерди алууга укугу бар аффилирленген жактардын тизмелери	Туруктуу	Электрондук документтер
39	Акцияларды (акциялардын пакеттерин) өткөрүп берүү-кабыл алуу боюнча документтер	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	(сертификаттар, акцияларды каттоо жөнүндө күбөлүктөр, актылар)		
40	Акционерлер тарабынан акцияларды сатып алуу-сатуу келишимдери	5 жыл ЭТУК	Кагаз түрүндөгү документтер
41	Акциялар менен иштөөнү жана акционерлердин реестринен үзүндүлөрдү берүүнү эсепке алуу журналдары, китептери	Туруктуу	Электрондук документтер
42	Үлүштүк менчик, акцияларды, баалуу кагаздарды чыгаруу жана бөлүштүрүү жөнүндө жоболор, акциялардын үлгүлөрү, акциялардын эмиссиясынын проспектиси	Туруктуу	Электрондук документтер
43	Акциялаштыруу боюнча документтер (кол коюу барактары, акцияларды сатып алууга табыштамалар, тастыктоо барактары, акционерлердин кирешелерин эсепке алуу карточкалары ж.б.)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
44	Акционерлердин жалпы жыйынына катышууга ишеним каттар (ишеним каттардын көчүрмөлөрү)	Туруктуу	Электрондук документтер
45	Банкроттук иштер боюнча документтер (арыздар, корутундулар, негиздемелер ж.б.)	Туруктуу	Электрондук документтер
46	Реабилитациялоо иштери боюнча документтер (арыздар, корутундулар, негиздемелер ж.б.)	Туруктуу	Электрондук документтер
47	Уюмдун ишмердүүлүгүн лицензиялоо боюнча документтер (лицензиялар, квоталар, протоколдор, чечимдер ж.б.)	Туруктуу (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Уюмдарда сакталат. Жоюу учурунда мамлекеттик сактоого өткөрүлүп

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
			берилет
48	Лицензияланууучу ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн тизмеси	Туруктуу	Электрондук документтер
49	Аттестациялоо, аккредитациялоо, сертификациялоо боюнча документтер (сертификаттар, күбөлүктөр, аттестаттар, сунуштамалар, протоколдор, жоболор ж.б.)	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
50	Аттестациялоо, аккредитациялоо, сертификациялоо боюнча документтерди каттоо китептери	10 жыл	Электрондук документтер
51	Менчиктештирүү боюнча документтер (токтомдор, протоколдор, уставдар, пландар, теңдемдер, актылар, келишимдер, контракттар, күбөлүктөр ж.б.)	Туруктуу (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Уюмдарда документтердин түп нускалары болгон учурда – көчүрмөлөрү – зарылдыгы өткөнчө
52	Ишмердүүлүктү уюштуруу маселелери боюнча, анын ичинде каттоо, лицензиялоо, аккредитациялоо, аттестациялоо, сертификациялоо, менчиктештирүү, акциялаштыруу жөнүндө кат алышуу	10 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
53	Уюмдун тармактык (өзгөчөлүк) ишмердүүлүгү боюнча документтер (маалыматтар, маалым каттар, жыйындылар, баяндама каттар)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
54	Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, жогору турган уюмдарга берилүүчү негизги ишмердүүлүк боюнча документтер (талдоолук серептер, баяндамалар, маалым каттар, жыйындылар,	Туруктуу (1)	Электрондук документтер. (1) Ыкчам-чарбалык маселелер боюнча – 6 жыл ЭТУК

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	баяндама каттар)		
55	Түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан уюмдун жетекчилигине берилүүчү документтер (баяндамалар, серептер, жыйындылар, маалым каттар)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
56	Административдик-уюштуруу ишмердүүлүк боюнча документтер (маалым жана баяндама каттар, коллегиалдуу жана аткаруу органдары тарабынан каралган маселелердин тизмелери, пландар, проспекттер, отурумдардын күн тартиби, акционерлердин жыйынынын күн тартибине сунуштар, ыкчам жыйындылар, кат алышуу ж.б.)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
57	Конгресстерди, съезддерди, конференцияларды, кеңешмелерди, семинарларды, маарекелик даталарды, салтанаттуу кабыл алууларды, жолугушууларды, спорттук мелдештерди уюштуруу жана өткөрүү боюнча документтер (программалар, баяндамалар, күн тартиптери, кабарламалар, чакыруулар, жарнамалык проспекттер, куттуктоо даректери, тематикалык фотоальбомдор, видеожазуулар, кат алышуу):		
	а) өткөрүү жери боюнча;	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
	б) башка уюмдарда	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
58	Уюмдун жана анын бөлүмдөрүнүн тарыхы боюнча документтер (тарыхый жана тематикалык маалым каттар, серептер, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы жарыялардын тандалмалары,	Туруктуу	Электрондук документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	видеожазуулар, фотодокументтер ж.б.)		
59	Шайлоо жана референдум бюллетендери	1 жыл	Электрондук документтер
1.3. Көзөмөл			
60	Уюмду текшерүү боюнча документтер (баяндамалар, маалым каттар, отчёттор, актылар, баяндама каттар ж.б.)	Туруктуу	Электрондук документтер
61	Уюмдун ревизияларынын (мезгилдүү бухгалтердик ревизиялардын документтеринен тышкары) документтери (актылар, маалым жана баяндама каттар ж.б.)	Туруктуу	Электрондук документтер
62	Ревизиялык комиссиясынын, аудитордун (аудитордук уюмдун), каржылык көзөмөлдүн мамлекеттик органдарынын корутундулары	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	а) текшерүүчү уюмда;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) текшерилүүчү уюмда	Туруктуу	Электрондук документтер
63	Текшерүүлөрдү (ревизияларды) жүргүзүү жөнүндө кат алышуу	5 жыл	Электрондук документтер
64	Текшерүүлөрдү (ревизияларды) эсепке алуу жана алардын чечимдеринин (жазма эскертмелердин) аткарылышын көзөмөлдөө журналдары, китептери	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
65	Текшерүүлөрдүн (ревизиялардын) чечимдерин (жазма буйруктарын) аткаруу жөнүндө кат алышуу	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
66	Жарандардын кайрылууларын карoo	5 жыл ЭТУК	Электрондук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	боюнча документтер (сереПтер, талдоолук маалым каттар)		документтер
67	Жарандардын кайрылууларын кароо ишинин абалы боюнча документтер (баяндама жана маалым каттар, жыйындылар, кат алышуу)	5 жыл	Электрондук документтер
68	Жарандардын кайрылуулары: сунуштар, арыздар, даттануулар; аларды кароо боюнча документтер (маалым каттар, маалыматтар ж.б.):		
	а) олуттуу кемчиликтер жана кыянаттык менен пайдалануулар боюнча;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) жеке, экинчи даражадагы, ыкчам мүнөздөгү	5 жыл	Электрондук документтер
69	Жарандардын кайрылуулары боюнча жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр боюнча кат алышуу	5 жыл	Электрондук документтер
70	Жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларын каттоо жана аткарылышын көзөмөлдөө журналдары, карточкалары (электрондук маалымат базалары)	5 жыл	Электрондук документтер
71	Жарандарды, юридикалык жактардын өкүлдөрүн кабыл алууну эсепке алуу журналдары	3 жыл	Электрондук документтер
1.4. Ишмердүүлүктү укуктук жактан камсыздоо			
72	Мыйзамдардын аткарылышы, укуктук мүнөздөгү маселелердеги чатактар, талаш-тартыштар боюнча документтер (токтомдор, аныктамалар, актылар, чечимдер, корутундулар, суроо-талаптар, кат алышуу)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
73	Укуктук иштин уюштурулушу жана	5 жыл ЭТУК	Электрондук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	абалы боюнча документтер (серептер, маалым жана баяндама каттар, маалыматтар, кат алышуу)		документтер
74	Ыкчам укуктук маселелер боюнча кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер
75	Эмгек мыйзамдарын жана эмгек укукту түшүндүрүү жана колдонуу жөнүндө кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер
76	Эмгек чатактары жөнүндө кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер
77	Турак жай маселелери боюнча чатактарды териштирүү боюнча турак жай мыйзамдарын түшүндүрүү жөнүндө кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер
78	Сот актыларын (өкүмдөрүн, чечимдерин, сот буйруктарын, токтомдорун, аныктамаларын, жеке аныктамаларын) аткаруу жөнүндө кат алышуу	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Каржылык органдар тарабынан зыяндын ордун толтурууну же конфискацияланган мүлк үчүн компенсацияны төлөөнү аткаруу бөлүгүндө – туруктуу
79	Сот иштерин (жарандык, кылмыш, административдик) жана сот материалдарын жүргүзүү жөнүндө кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер
80	Келишимдерди, макулдашууларды түзүү жөнүндө кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер
81	Жеткирүү, бөдрөт жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө доомattуу (сотко чейинки) кат алышуу	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Экспорт жана

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
			импорт боюнча – 10 жыл
82	Укук бузуу жөнүндө иштер боюнча кат алышуу	1 жыл	Электрондук документтер
83	Эмгек мыйзамдарынын аткарылышы боюнча корутундулар	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
84	Укук бузуу жөнүндө иштер боюнча корутундулар, чечимдер	3 жыл	Электрондук документтер
85	Эмгек чатактары боюнча корутундулар	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Чечим чыгарылгандан кийин
86	Турак жай мыйзамдары жана чатактарды териштирүү боюнча арыздар, корутундулар	3 жыл	Электрондук документтер
87	Укук коргоо, сот органдарына, бейтарап сотторго берилүүчү доо арыздары, даттануулар (сунуштамалар), актылар, ишеним, маалым жана баяндама каттар, протоколдор, аныктамалар, токтомдор, мүнөздөмөлөр жана башка документтер (көчүрмөлөр)	5 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Чечим чыгарылгандан кийин
88	Соттук (экономикалык) иштер (доо арыздар, ишеним каттар, дооматтар, актылар, маалым каттар, отурумдардын протоколдору)	6 жыл (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Туруктуу сакталуучу документтер алынат жана мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилет
89	Бажылык жөнгө салуу жаатындагы	3 жыл	Электрондук

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	укук бузуу жөнүндө иштер		документтер
90	Ойлоп табуучулук жана рационализатордук маселелер боюнча тиреше иштери	10 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
91	Юридикалык кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдер, макулдашуулар	3 жыл	Кагаз түрүндөгү документтер
92	Ченемдик укуктук актылары жана уюмдун актылары (буйруктар, нускамалар, эрежелер) боюнча көрсөткүчтөр	Мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилбейт. Уюмдарда сакталат	Электрондук документтер
93	Ченемдик укуктук актылары жана уюмдун башка актылары (буйруктар, нускамалар, эрежелер) боюнча кодификациялык картотекалар	Мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилбейт. Уюмдарда сакталат	Электрондук документтер
94	Сот иштерин, сот материалдарын, дооматтарды жана доолорду каттоо картотекалары	5 жыл	Электрондук документтер
95	Сот иштерин, сот материалдарын, дооматтарды жана доолорду каттоо китеби	5 жыл	Электрондук документтер
96	Ченемдик укуктук актылары жана уюмдун башка актылары (буйруктар, нускамалар, эрежелер) боюнча маалымат базалары	Мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилбейт. Уюмдарда сакталат	Электрондук документтер
97	Юридикалык консультацияларды жазуу китептери	3 жыл	Электрондук документтер
98	Дооматтарды жана доолорду эсепке алуу журналдары	3 жыл	Электрондук документтер

Берене номери	**Документтин түрү**	**Документти сактоо мөөнөтү**	**Эскертме**
1.5. Документтик камсыздоо жана документтердин сактоосун уюштуруу			
99	Көктөмөлөрдүн типтүү жана болжолдуу номенклатуралары:		
	а) иштелип чыккан жерде;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) башка уюмдарда	Жаңыга алмашылганга чейин	Электрондук документтер
100	Көктөмөлөрдүн номенклатуралары:		
	а) уюмдардыкы;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) уюмдардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүкү	Жаңыга алмашылганга чейин	Электрондук документтер
101	Көктөмөлөрдүн номенклатураларынын, сактоо мөөнөтү бар документтердин тизмелеринин, көктөмөлөрдүн жана документтердин долбоорлору	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Бекитилгенден кийин
102	Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен документтердин тизмелери:		
	а) иштелип чыккан жана бекитилген жерде;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) башка уюмдарда	Жаңыга алмашылганга чейин	Электрондук документтер
103	Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен документтердин тизмелерин өзгөртүү жана толуктоо жөнүндө корутундулар, кат алышуу	3 жыл	Электрондук документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
104	Көктөмөлөрдүн жана документтердин классификаторлору:		
	а) иштелип чыккан жерде;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) башка уюмдарда	Жаңыга алмашылганга чейин	Электрондук документтер
105	Маалыматташтыруунун максаттуу программалары; аларга тиешелүү документтер (техникалык тапшырмалар, кабыл алуу, киргизүү актылары, протоколдор ж.б.)	Туруктуу	Электрондук документтер
106	Башкарууну документтик камсыздоону (иш кагаздарын жүргүзүүнү) өркүндөтүү, заманбап маалыматтык технологияларды киргизүү, маалыматты коргоо боюнча документтер (актылар, корутундулар, маалым каттар, кат алышуу)	5 жыл	Электрондук документтер
107	Автоматташтырылган тутумдарды жана программалык өнүмдөрдү долбоорлоо, иштеп чыгуу, ишке киргизүү жөнүндө келишимдер	5 жыл	Кагаз түрүндөгү документтер
108	Документтердин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча документтер (маалым жана баяндама каттар, көзөмөл барактары, жыйындылар ж.б.)	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Көзөмөлдөн алынгандан кийин
109	Уюмдардын документ жүгүртүүсүнүн көлөмүн эсепке алуу жана талдоо боюнча документтер (маалым каттар, жыйындылар, корутундулар, маалыматтар ж.б.)	3 жыл	Электрондук документтер
110	Документтерди (буйруктарды, көрсөтмөлөрдү, тескемелерди,	2 жыл	Электрондук документтер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	жоболорду) жөнөтүүгө тизмелер		
111	Компьютердик, көбөйтүүчү техниканы колдонуу менен жумуштарды аткарууга буйрутмалар, табыштамалар	1 жыл	Электрондук документтер
112	Каттоо китептери, карточкалары, журналдары (автоматташтырылган маалымат тутумундагы электрондук каттоо-көзөмөлдөө тариздери):		
	а) ченемдик укуктук актыларды;	Туруктуу	Электрондук документтер
	б) уюмдун тескөөчү жана ички ченемдик документтерин (токтомдорду, коллегиалдуу органдардын чечимдерин, буйруктарды, көрсөтмөлөрдү, эрежелерди, нускамаларды, жоболорду)	Туруктуу	Электрондук документтер
113	Кириш жана чыгыш документтерди каттоо журналы	3 жыл	Электрондук документтер
114	Кызматтык каттарды каттоо журналы	3 жыл	Электрондук документтер
115	Аудиовизуалдык документтерди каттоо журналы	3 жыл	Электрондук документтер
116	Компьютердик, көбөйтүүчү техниканы колдонуу менен иштерди каттоо журналы	1 жыл	Электрондук документтер
117	Эсепке алуу жана берүү журналдары, китептери:		
	а) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн басма-бланк өнүмдөрүн;	3 жыл	Электрондук документтер
	б) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн	Уюм жоюлганга	Электрондук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	мөөрлөрдү, штамптарды;	чейин	документтер
	в) өзүнчө барактарды, чиймелерди, фотонегативдерди, киноплёнкаларды	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
118	Мөөрлөрдүн жана штамптардын издери менен калыптарынын журналдары	Туруктуу	Электрондук документтер
119	Жок кылууга бөлүү актылары:		
	а) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн басма-бланк өнүмдөрүнүн бузулган, колдонулбаган нускаларын;	3 жыл	Электрондук документтер
	б) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн мөөрлөрдү, штамптарды	10 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
120	Жөнөтүлгөн корреспонденциянын реестрлери	1 жыл	Электрондук документтер
121	Документтерди жөнөтүү барактары	1 жыл	Электрондук документтер
122	Жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматты ачыкка чыгарбоо жөнүндө тил каттар (милдеттенмелер)	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Эмгек мамилелери токтотулгандан кийин
123	Архив ишинин маселелери боюнча кат алышуу	5 жыл	Электрондук документтер
124	Документтердин абалын жана сактоо шарттарын текшерүү боюнча документтер (актылар, маалым каттар)	5 жыл	Электрондук документтер
125	Архив документтери менен иштөөгө уруксат берүү боюнча документтер	3 жыл	Электрондук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Кутнаева Н.А., 01.09.2024

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	(уруксаттар, кат алышуу, арыздар)		документтер
126	Документтердин курамы жана мазмуну боюнча тематикалык серептер, маалыматтык каттар	Уюмдарда сакталат (1)	Электрондук документтер. (1) Уюм жоюлганда мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилет
127	Документтердин сактыгы боюнча жазма эскертмелер	10 жыл	Электрондук документтер
128	Архив уюмдары менен кызматташуу жөнүндө келишимдер	5 жыл	Кагаз түрүндөгү документтер
129	Документтердин жайгашкан жери жөнүндө корутундулар	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
130	Документтерди жок кылуу жөнүндө актылар	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
131	Документтерди уюмдарга убактылуу пайдаланууга берүү актылары	10 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Документтер кайтарылгандан кийин
132	Архивдик маалым каттарды, архив документтеринин көчүрмөлөрүн, алардан үзүндүлөрдү берүү жөнүндө арыздар, суроо-талаптар	3 жыл	Электрондук документтер
133	Архивдик маалым каттарды, архив документтеринин көчүрмөлөрүн, алардан үзүндүлөрдү берүүнү каттоо китептери, журналдары, карточкалары (электрондук маалымат базалары)	3 жыл	Электрондук документтер
134	Сактагычтан документтерди берүүгө	1 жыл (1)	Электрондук

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	**Документтин түрү**	**Документти сактоо мөөнөтү**	**Эскертме**
	талаптар, табыштамалар		документтер. (1) Бардык документтер сактагычка кайтарылгандан кийин
135	Фонддун көктөмөсү (фонддорго тарыхый маалым каттар, документтердин болушун жана абалын текшерүү актылары, мамлекеттик сактоого документтерди өткөрүп берүү-кабыл алуу актылары, документтерди жок кылууга бөлүү, кем чыгуулар, орду толгус зыяндар жөнүндө актылар)	Уюмдарда сакталат (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Уюм жоюлганда мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилет
136	Көктөмөлөрдүн тизимдери:		
	а) туруктуу сакталуучу (бекитилген);	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) өздүк курам боюнча;	3 жыл (1)	Кагаз түрүндөгү документтер. (1) Көктөмөлөр жок кылынгандан кийин
	в) убактылуу сакталуучу;	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Көктөмөлөр жок кылынгандан кийин
	г) түзүмдүк бөлүмдүн	Зарылдыгы өткөнчө	Электрондук документтер
137	Топографиялык көрсөткүчтөр	1 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Жаңыга

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
			алмашкандан кийин
138	Көктөмөлөрдү убактылуу пайдаланууга берүү журналы	3 жыл	Электрондук документтер
139	Сактагычтан документтерди берүү журналы	3 жыл (1)	Электрондук документтер. (1) Бардык документтер сактагычка кайтарылгандан кийин
140	Айып пул санкцияларын каттоо журналы	6 жыл	Электрондук документтер
141	Мамлекеттик жана ведомстволук архивдерди текшерүүлөрдү каттоо журналы	5 жыл	Электрондук документтер
142	Температура-нымдуулук режимин аныктоочу куралдардын көрсөткүчтөрүн каттоо журналы (китеби)	1 жыл	Электрондук документтер
2. ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ ПЛАНДАШТЫРУУ			
2.1. Болжолдоо			
143	Болжолдоо жана пландаштыруу усулу жана уюштуруу жөнүндө кат алышуу	5 жыл	Электрондук документтер
144	Кыргыз Республикасын өнүктүрүү Улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын аймактык саясатынын Концепциясы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
145	Кыргыз Республикасын өнүктүрүү улуттук программалары, тармакты,		

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Берене номери	Документтин түрү	Документти сактоо мөөнөтү	Эскертме
	уюмдарды өнүктүрүү концепциялары:		
	а) бекитилген жерде;	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
	б) макулдашылган жерде	5 жыл	Электрондук документтер
146	Мамлекеттик, аймактык программаларды өнүктүрүүнүн болжолдорунун, стратегияларынын, концепцияларынын долбоорлору; аларды иштеп чыгуу боюнча документтер (маалым каттар, эсептөөлөр, таблицалар, маалыматтар)	5 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
147	Болжолдор, перспективтүү пландар, программалар, иш-чаралар пландары (“жол карталары”)	Туруктуу	Кагаз түрүндөгү документтер
148	Перспективдүү пландардын, иш-чаралар пландарынын (“жол карталарынын”) долбоорлору; аларга тиешелүү документтер (маалым каттар, маалыматтар, эсептөөлөр, таблицалар)	10 жыл ЭТУК	Электрондук документтер
